**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 6-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов Ош шаары, 08.06.2022-ж.

Катчысы- А. Адылбек кызы

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. - Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары
2. Адылбек к. А. - Ассистент, аялдар кеңешинин төрайымы
3. Ажимаматов З.- Декан
4. Арипов Н. – Доцент
5. Жумабаев М. - Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары
6. Калбердиев А. – Доцент
7. Кадыров М.- Ага окутуучу
8. Козукулов Т.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
9. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кафедра башчысы
10. Тажибаев С.- Окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы
11. Жусубалиев А. - Доцент, кесиптик бирликтин төрагасы
12. Койлубаева Г.- орто кесиптик бөлүмүнүн методисти
13. Казыбекова К.-факультеттин методисти

Себептүү :

1. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи

**Күн тартиби:**

1. Сессияга даярдык боюнча факультеттин методисттери К. Казыбекова жана орто кесиптик бөлүмүнүн методисти Г. Койлубаеванын баяндамасы.
2. 2022-2023- окуу жылына обитуриенттерди кабыл алуу тууралуу факультеттин деканы З. Ажимаматовдун баяндамасы.
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

1. **I маселе** Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов ректораттагы чогулушта каралган маселелер боюнча кабар берип, тааныштырып кетти жана практика маселесинде бакалавр жана орто кесиптик коллеждин окуу планынын графигине коюуда көйгөйлөр жаралып жаткандыгын кабар берди. Университетте бир жума мурун Бизнес-инкубатор борборунун ачылганын айтты жана жана кош диплом

Scanned with CamScanner

программасы жөнүндө сөз болду. Андан соң, факультеттин методисттери К. Казыбекова жана орто кесиптик бөлүмүнүн методисти Г. Койлубаева сессияга даярдык боюнча баяндама жасады. Факультеттин методисти К. Казыбекова жайкы семестрдин графиктерин түзүп жаткандыгын маалымдады. 3-курс студенттеринен Н. Арипов жана М. Кадыров агайлардын сабактарынан калган студенттерди атап кетти. Алар Мирланбек уулу Курманбек, Талипова Уулбүбү, Орозмамат уулу Төрөнияз, Гаипов Баймырза жана Хаджиматов Кадырбек. Ал эми 2-курстан Шербеков жана Сланбеков хадис сабагынан кайра эгзаменге кире тургандыгынан кабар берди. Ошондой 1-курстун студенттеринен Абдыманап кызы Жумакан, Галбаева Элиза, Ибраев Бексултан, Рахманов Сапарбек жана Сопуева Айназ куран сабагынан калгандыгын маалымдап кетти. Ал эми Г. Койлубаева орто кесиптик колледжинин модульдан калган студенттерин атап кетти. Алар Жоробаев, Мамбеталиев, Каныбек к. А, Абдимиталип уулу Э. жана Мамиров С.

**II маселе**

**Угулду:** З. Ажимаматов 2022-2023- окуу жылына карата обитуриенттерди кабыл алууда өзгөрүүлөр болоорун баяндап, мугалимдерге брашюраларды таркатып, кеминде ара бир мугалим төрттөн обитуриент алып келүүсүн буйруду. Кабыл алуу камиссиясында отурган жооптууларга обитуриент алып келген мугалимдердин тизмесин алуусун айтты.

**Ар түрдүү маселелер:**

I. **Угулду:** Ниязалы Ариповдун жалпы педагогикалык стажы, коомчулук менен байланышы, радио жана телеведениеде өзүнүн автордук программасын жыл бою алып баргандыгын эске алып, жалпы окутуучулардын колдоосу менен Жогорку Кеңештин ардак грамотасына сунуш кылынды.

II. Абдилазиз Калбердиевдин Акыйда (Исламдын ишеним негиздери) аттуу китеби жалпы окутуучулар жамаатынын колдоосу менен Ош МУнун окумуштуулар кеңешине сунушталды.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин окумуштуу кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Теология факультетинин бакалавр программасындагы жана орто кесиптик колледжин модульдан калган студенттердин экзаменге кирүү күнү белгиленген.
2. Жалпы окутуучулар жамааты факультетти таанытуу брашюраларын таркатып, ар бир окутуучу төрт студент алып келсин.

Scanned with CamScanner

3. Ниязалы Арипов Жогорку Кеңештин ардак грамотасына сунуш кылынсын.
4. Абдилазиз Калбердиевдин Акыйда (Исламдын ишеним негиздери) аттуу китеби Ош МУнун окумуштуулар кеңешине сунуш кылынсын.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Адылбек кызы**

Scanned with CamScanner